КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
АЛАМҮДҮН РАЙОНУ
ДОСТУК АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН
ДОСТУК АЙЫЛ ОКМОТУ

# ТЕСКЕМЕ
# РАСПОРЯЖЕНИЕ

29.04.2024 № 36 Ленин а.

**Достук айыл өкмөтүнүн аппаратынын иш тартибин бекитүү тууралуу**

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 12-бөлүмүнүн 144-беренесине ылайык, Достук айыл өкмөтүнүн ишинин негизги багытын камсыздоо максатында

1. Достук айыл өкмөтүнүн иш тартиби 08:30дан – 17:30га чейин, эс алуу жана тамактануу үчүн 12:00 дон 13:00 го чейин тыныгуу убактысы деп бекитилсин.
2. Достук айыл өкмөтүнүн санариптештирүү жана IT технологиялары боюнча адиси (Абдыкалык к. Ж.):
   - Достук айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жана административдик имараттагы стендерге жайгаштырсын;
   - Достук айыл өкмөтүнүн аппаратынын иш тартибинин боюнча маалыматты социалдык тармактар (WhatsApp, Instagram) аркылуу айыл аймактын жашоочуларына жеткирсин.
3. Дем алыш күндөрү Достук айыл өкмөтүнүн башчысы жана башчысын орун басары – жооптуу катчысы уюлдук телефондорун өчүрбөстөн, дайыма байланышта болушсун.
4. Достук айыл өкмөтүнүн кызматкерлери:
   - иш учурунда иш боюнча чыгууларды белгилөө үчүн чыгууларды каттоо журналына катталып, Достук айыл өкмөтүнүн жетекчилигин маалымдап турушсун;
   - уюлдук телефондорун өчүрбөстөн, дайыма байланышта болушсун.
5. Достук айыл өкмөтүнүн уюштуруу иштери, документтик жана кадрдык камсыздоо бөлүмүнүн башчысы (Исаева Н.Б.) Достук айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлеринин ишке келген, кеткендигин каттоого алсын.
6. Бул тескеменин аткарылышын көзөмөлдөө иши Достук айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары – жооптуу катчысы Т.Б. Джумалиевге жүктөлсүн.

Башчы КАНЦЕЛЯРИЯ Э.Н. Аалиев